Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
«21» сентябрь 2021-ж.
№ 1578/1 буйругуна Тиркеме

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

## 580700 Бизнести башкаруу

## Квалификациясы: Бакалавр

**Бишкек – 2021**

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

**1.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн **580700 – Бизнести башкаруу** багыты боюнча аталган мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы укуктук-ченемдик актыларга шайкеш, мамлекеттик ыйгарым укуктук органы тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетти тарабынан белгилүү тартипте бекитилген.

Аталаган Мамлекеттик билим берүү стандарттын аткаруу менчик формасына жана ведомствого тиешелүүлүгүнө карабай, бакалаврларды даярдоо боюнча кесиптик билим берүүнү ишке ашыруучу бардык ЖОЖдор үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

## 1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар

Жогорку кесиптик билим берүүнүн аталган Мамлекеттик билим берүү стандартында термин жана аныктамалар Кыргыз Республикасы катышуучу катары эсептелген, мыйзам тартибинде бекитилип күчүнө кирген, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамына жана жогорку кесиптик билим берүү тармагындагы эл аралык келишимге ылайык, колдонулат

- ***негизги билим берүү программасы*** – шайкеш келген багытты даярдоо боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунун жана уюштурууну регламенттөөчү, окуу-методикалык документациялардын жыйындысы;
- ***багыттарды даярдоо*** – ар кандай профилдеги, фундаменталдык даярдыктын жалпылыгына негизделип интеграцияланган, жогорку кесиптик билим берүүгө (адистер, бакалаврлар жана магистрлер) кадрларды даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- ***профиль*** – кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрүнө жана (же) объектине карата билим берүү программасынын багытталышы;
- ***компетенция*** – белгилүү бир тармактын натыйжалуу продуктивдүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон, билим алуучуну билим берүүгө даярдоодо, алдын ала берилген социалдык талаптар (ченемдер);
- ***бакалавр*** – магистратурага тапшыруу жана кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн укук берүүчү, жогорку кесиптик билим берүү квалификациясынын деңгээли;
- ***магистр*** – аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (профил боюнча / PhD) тапшыруу жана кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн укук берүүчү, жогорку кесиптик билим берүү квалификациясынын деңгээли;
- ***кредит*** - негизги билим берүү программасынын эмгекти талап кылуунун шарттуу өлчөмү;
- ***окутуунун жыйынтыгы*** - негизги билим берүү программасы /модуль боюнча окутуунун жыйынтыгында алынган компетенция;
- ***жалпы илимий компетенция*** - ишмердүүлүктүн бардык түрү (же көпчүлүгү) үчүн жалпы болуп эсептелген мүнөздөмөнү берүүчү: окутууга, анализ жана синтез ж.б. карата жөндөмдүүлүк.
- ***инструменталдык компетенция*** – когнитивдик жөндөмдүүлүктү, идея жана элестөөнү түшүнүү жана колдонуу жөндөмдүүлүгүн, методологиялык жөндөмдүүлүктү, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу жөндөмдүүлүгүн, убакытты уюштуруу, окутуунун стратегиясын куруу, чечимдерди кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү, технологиялык билгичтик, техниканы колдонууга байланышкан билгичтик, компьютердик көндүм жана маалыматты башкаруу жөндөмдүүлүгү, лингвистикалык билгичтик, коммуникативдик компетенцияны ичине алат;
- ***социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенция*** - сезимди жана мамилени билдирүү, критикалык ой жүгүртүү жана өзүн өзү сыноого жөндөмдүүлүк менен жана социалдык өз ара карым-катышка жана кызматташуу процессине, топ менен

иштей билүүгө, социалдык жана этикалык милдеттемелерди кабыл алуу жана социалдык билгичтик менен байланышкан жеке жөндөмдүүлүк;

- ***кесиптик стандарт*** - конкреттүү кесиптик ишмердүүлүктүн алкагында, ал шайкеш болууга милдеттүү болгон, квалификациялык кызматкерди даярдоонун деңгээлине жана сапатына карата талаптарды, ошондой эле ишмердүүлүктүн түрүнөн көз карандысыз, бардык мекеменин штат ордуна шайкеш, укук алуу боюнча ал ээ боло турган компетенциялардын топтомун аныктоочу, негиз болуучу документ.

**1.3 Кыскартуулар жана түшүндүрмөлөр.**

Мамлекеттик стандартта төмөнкүдөй кыскартуулар жана түшүндүрмөлөр колдонулат:

**МББС**- Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ –** жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП –** негизги билим берүү программасы;
**ОМБ –** окуу-методикалык бирикме;
**НББП ДЦ** - негизги билим берүү программасынын дисциплиналар цикли;
**ЖИК** - жалпы илимий компетенциялар;
**ИК -** инструменталдык компетенциялар;
**КК** - кесиптик компетенциялар;
**СИК -** социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар;
**ЖОЖ –** жогорку окуу жай;
**ПОК –** профессордук-окутуучулар курамы.

## 2. Колдонуу тармагы

**2.1. Жогорку кесиптик билим берүүнүн аталган Мамлекеттик билим берүү стандарты** (мындан ары – ЖКББ МББС) 580700 – “Бизнести башкаруу” багытындагы бакалаврларды даярдоо боюнча НББПны милдеттүү ишке ашыруудагы ченемдерди, эрежелерди жана талаптарды ишке ашыруунун жыйынтыгын көрсөтөт жана алардын жеке менчик формасына же ведомствого тешелүүлүгүнө карабай, Кыргыз Республикасынын аймагында шайкеш келген багыт боюнча бакалаврларды даярдоого лицензиясы бар, жогорку кесиптик билим берүүнүн бардык билим берүү жана уюштуруунун негизги жогорку кесиптик программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо, окуу, уюштуруу методикалык документацияларды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп берет.

**2.2.** 580700 - “Бизнести Башкаруу” багыты боюнча аталган ЖКББ МББСтин **негизги колдонуучулары** болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- ЖОЖдун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулар курамы, илимий кызматкерлер) өзлөрүнүн ЖОЖунда аталган багыт жана даярдоо деңгээли боюнча илимий, техникалык социалдык тармактын жетишкендиктерин эсепке алуу менен иштеп чыгууга, натыйжалуу ишке ашырууга жана негизги кесиптик билим берүү программаларын жаңылоого жоопкерчиликтү;
- аталган багытты даярдоо боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүдө студенттер өздөрүнүн окуу ишмердүүлүгүн натыйжалуу ишке ашырууга милдеттүү;
- кесиптик ишмердүүлүктүн шайкеш келген тармагында адистерди жана жумуш берүүчүлөрдү бириктирүү;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органына тапшыруу боюнча негизги билим берүү программасын иштеп чыгууну камсыздаган окуу-методикалык бирикме жана кеңешме;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыздоочу, мамлекеттик аткаруу бийлиги;

- жогорку кесиптик билим берүү системасындагы мыйзамдуулукту сактоону көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, жогорку кесиптик билим берүү тармагындагы сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу, аткаруу бийлигинин мамлекеттик ыйгарым укуктуу органы;

- жогорку кесиптик билим берүү тармагындагы билим берүү программаларын жана мекемелерди аккредатациялоону ишке ашыруучу, аккредатациялоочу агенство.

**2.3. Абитуренттердин даярдык деңгээлине коюлуучу талаптар**

**2.3.1.** Жалпы орто билим берүү же жалпы кесиптик (же жогорку кесиптик) билим берүүнүн -“бакалавр” квалификациясын ыйгаруучу, жогорку кесиптик билимге талапкер абитуренттин билим деңгээли.

**2.3.2.** Абитуриент орто жалпы билим берүү же орто кесиптик (же жогорку кесиптик) билим берүү жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документке ээ болушу керек.

## 3. Багытка даярдоонун жалпы мүнөздөмөсү

**3.1.** Кыргыз Республикасында 580700 “Бизнести башкаруу” багыты боюнча даярдоо төмөнкүлөрдү ишке ашырат:

- бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НКББП;
- магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НКББП.

Бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НКББПны толук өздөштүргөн жана бекитилген тартиптеги мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөн ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө, “бакалавр” квалификациясын ыйгаруу менен, жогорку кесиптик билим жөнүндөгү диплом берилет.

Магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НКББПны толук өздөштүргөн жана бекитилген тартиптеги мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөн ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө, “магистр” квалификациясын ыйгаруу менен, жогорку кесиптик билим жөнүндөгү диплом берилет.

Бакалаврларды даярдоо багытынын алкагында ЖКББ НКББПнын профилин квалификациянын тармактык/сектордук алкагынын негизинде ЖОЖ аныктайт.

**3.2.** Окутуунун күндүзгү бөлүмүндө жалпы орто же жалпы кесиптик билим берүүнүн базасында 580700 – “Бизнести башкаруу” багыты боюнча бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НКББПны **өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү** 4 жылды түзөт.

Бакалаврларды күндүзгү-сырттан окуу (кечки) жана сырттан окуу формасы боюнча, ошондой эле окутуунун ар кандай формасы менен айкалашытырып даярдоодо, ЖКББ НКББПны өздөштүрүү мөөнөтү окутуунун күндүзгү формасында бекитилген ченемдик мөөнөткө салыштырмалуу 6 айдан 1 жылга чейин ЖОЖ тарабынан узартылат.

Шайкеш келген профил боюнча орто кесиптик билимге же жогорку кесиптик билимге ээ тараптарга, бакалаврды даярдоо боюнча ЖКББ НКББПны өздөштүрүү укугу ылдамдатылган программада берилет. Ылдамдатылган программаны ишке ашырууда окуу мөөнөтү ошол билим берүү программасы боюнча орто жана (же) жогорку кесиптик билимди алууда студент өздөштүргөн (өткөн) кээ бир дисциплина жана практика боюнча аттестатциядан кайра өткөрүүнүн жыйынтыгына карата (кайра зачет тапшыруу) белгиленет.

Орто кесиптик билим берүүнүн профилинин жогорку кесиптик билим берүүгө шайкештиги ЖОЖ тарабынан өз алдынча аныкталат.

Бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НКББПны өздөштүрүүнүн мөөнөтү окутуунун күндүзгү бөлүмү боюнча ылдамдатылган программаны ишке ашыруу алкагында 3 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Билим алуунун формасынан көз карандысыз индивидуалдык окуу планы боюнча окутууда, окутуунун мөөнөтү ЖОЖ тарабынан өз алдынча бекитилет.

Индивидуалдык окуу планы боюнча окутууда ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген тараптарга жогорку окуу жай билим алуунун шайкеш келген формасы үчүн бекитилген мөөнөткө салыштырмалуу убакытты узартуу укугуна ээ.

Бакалаврларды жана магистрлерди багыттар боюнча даярдоодо ЖКББ НКББПны өздөштүрүү ченемдик мөөнөтүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекитет.

**3.3.** Окутуунун күндүзгү формасында бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НКББПны өздөштүрүүнүн **жалпы эмгек көлөмү** 240 кредиттен кем эмес болушу керек.

Окутуунун күндүзгү формасында окуу жылы үчүн ЖКБ НКББПнын эмгек көлөмү 60 кредиттен кем эмес болушу шарт.

Бир семестрдин эмгек көлөмү 30 кредиттен (2 семестрде жүргүзүлгөн окуу процессинде) аз эмес болушу зарыл.

Студенттин 30 сааттык окуу иши (аудиториялык, өз алдынча иши жана бардык аттестациялык иштерин кошкондо) 1 кредит эквиваленткe ээ.

Күндүзгү-сырттан окуу (кечки) жана сырттан окуу формасы боюнча, ошондой эле ар кандай окуу формаларын айкалыштырууда жана аралыктан билим берүү технологиялрын колдонгондо окуу жылы ичинде НББПнын эмгек көлөмү 48 кредиттен аз эмес болот.

Октуунун жыйынтыктоочу жылында эмгек көлөмү НББПнын жалпы эмгек көлөмүн камсыздашын эске алуу менен аныкталат.

**3.4. Инсанды окутуу жана тарбиялоо багытындагы ЖКББ НКББПнын максаты**

**3.4.1.** 580700 – “Бизнести башкаруу” багыты боюнча даярдоодо окутуу тармагындагы ЖКББ НКББПнын максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

экономикалык бизнес-билим негиздеринин багытында даярдоо, жогорку кесиптик билим берүү (бакалавр деңгээлинде), бүтүрүүчүнүн тандаган тармак ишмердүүлүлүндө ийгиликтүү иштеп кете алышына мүмкүндүк берүү, эмгек рыногунда анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана туруктуулугуна түрткү берүүчү универсалдык жана кесиптик компетенцияларга ээ болушу.

**3.4.2.** 580700 – “Бизнести башкаруу” багыты боюнча инсанды тарбиялоо багытындагы ЖКББ НКББПнын максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

Студенттердин социалдык-инсандык сапатын калыптандыруу: максатка умтулуучулук, уюштуруучулук, эмгекти сүйүү, жоопкерчилик, жарандуулук, коммуникативдик, жалпы маданиятын жогорулатуу ж.б.

**3.5. 580700 – “Бизнести башкаруу**” багыты боюнча **бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн тармагы** төмөнкүлөрдү ичине алат:

- бизнести уюштурууда жана башкарууда базалык позицияны ээлөө; ошондой эле персонал жана адам ресурстарын башкаруу; маркетингдик жана логистикалык процесстерди башкаруу; каржы, бухгалтердик жана банктык иштерди башкаруу; маалымат технологияларын башкаруу; экономикалык жана башкаруу анализдеринин ар кандай формасы;
- экономика жана бизнес тармагындагы башкаруу ишмердүүлүгү;
- бизнес тармагындагы компаниянын жана субъекттердин ишмердүүлүгүндө башкаруу чечимдерин кабыл алуу.

Бүтүрүүчүлөр жумушчунун квалификациясынын талаптарына алардын билим деңгээли жана алган компетенциялары шайкеш келген шартта кесиптик ишмердүүлүгүн башка тармактарда жана (же) башка багыттагы кесиптик ишмердүүлүктө ишке ашыра алат.

**3.6**. 580700 – “Бизнести башкаруу” багытына даярдоо боюнча **бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объекти** болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Мамлекеттик уюм жана мекеме:
- Министерство жана ведомстволордун экономикалык кызматы;
- Айгмактык (муниципиалдык) башкаруу органдарынын экономикалык кызматы;
- Мамлекеттик жана муниципиалдык ишканалардын менчик формасынын экономикалык кызматы;
- Илимий-изилдөө мекемеси.

**Коммерциялык структура**:

- Ар кандай ишмердүүлүк тармагындагы жеке компаниялардын экономикалык, башкаруу, аналитикалык кызматтары:
  - өндүрүш;
  - курулуш;
  - транспорт;
  - соода;
  - байланыш;
  - айыл чарбасы;
  - кызмат көрсөтүү;
  - консалтинг жана аудит;
  - банктар;
  - банктык эмес каржылык сектор.

**Коомдук сектор**:

- Фонддор;
- Ассоциациялар;
- Коммерциялык мес уюмдар (анын ичинде жеке билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият жана спорт мекемелери);
- Профессионалдык уюмдар;
- Эл аралык уюмдар.

**3.7. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү.**

- уюштуруу-башкаруучулук;
- маалыматтык-аналитикалык;
- административдик-иштик;
- ишкердүүлүк;
- өндүрүштүк-технологиялык.

Бүтүрүүчү негизинен даярдануучу кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрү, шайкеш келген кесиптик стандарттын (бар болсо) негизинде же кызыктар жумуш берүүчүлөр менен биргеликте, алардын квалификациялык талаптарынын негизинде, ЖОЖ тарабынан ишелип чыккан билим берүү программасынын мазмунун аныктайт.

**3.8.** Даярдоо багыты боюнча бүтүрүүчү даяр болууга тийиш болгон,кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттеринин (кызыктар болгон жумуш берүүчүнүн катышуусу менен иштелип чыгат) (*) тизмеси:

***1. Уюштуруу-башкаруучулук***

а) бизнес стратегиясын иштеп чыгуу жана ишке ашыра билүүсү;

б) азыркы, оперативдик ишти уюштура билүүсү;

в) жаңы шарттарга ыңгайлаша билүүсү.

***2. Маалыматтык-аналитикалык***

а)маалыматтарды чогултуп, жыйынтыктарды иргеп жана анализдей билүүсү;

б) нормативдик документтердин талаптарды, техникалык шарттарды жана стандарттарды колдоно билүүсү;

в) жашоо циклинин ар кандай ээтаптарында бизнес баалай жана бизнестин диверсфикациясынын каржылык-экономикалык программасын түзө билүү.

***3. Административдик-иштиктүү***

а) мекеменин ишмердүүлүгүн жана адамдарды башкар билүү;

б) иш жүргүзүү жана документтик камсыздоо системасын жөндөй билүү;

в) азыркы болуп жаткан көйгөйдү табуу жана рационалдуу чече билүү.

***4. Ишкердик***

а) ишкердик ишмердүүлугүн пландоо жана уюштура билүү;

б) бизнестин максатын негиздөө жана аларга жетүүнүн ыкмасын аныктай билүү;

в) компаниянын (бизнеса) атаандаштыкка туруктуулугун баалоо жана экономикалык натыйжалуулугун аныктай биилүү.

г) компаниянын болуп жаткан жана потенциалдык базардык мүмкүнчүлүгүн таба билүү;

д) ишкердик ишмердүүлүгүндө бизнес-моделди иштеп чыга билүү.

***Өндүрүштүк-технологиялык***

а) технологиялык операцияларды ишке ашыруунун пландары жана методдорун иштеп чыгуу маселелерин тартипке келтирүү;

б) бизнес-долбоорлордун моделин иштеп чыгууну билүү;

в) өндүрүш ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун баалай билүү.

## 4. Негизги билим берүү программасын (НББП) ишке ашырууга карата жалпы талаптар

### 4.1 НББПны ишке ашырууда ЖОЖдун укук жана милдеттерине карата талаптар.

4.1.1. Даярдоо багыты боюнча ЖОЖдор өз алдынча НББПны иштеп чыгат. НББП Кыргыз Республикасында даярдоо багыты боюнча шайкеш келген жана ЖОЖдун окумуштуулар кеңеши бекиткен ГОСко ылайык иштелип чыгат.

ЖОЖдор илим, маданият, экономика, техника жана техология жана социалдык тармактын өнүгүүсүн эске алып, ЖОЖдо билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү боюнча сунуштамаларды карманып, 5 жылдан кем эмес аралыкта бир жолу НББПны жаңылоого милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегияны иштеп чыгуу;
- билим берүү программаларын мезгилдүү рецензиялоого мониторинг;
- студенттердин билим жана билгичтик деңгээлин, так макулдашылган критерийлердин негизинде бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясын баалоонун объективдүү процедураларын иштеп чыгуу;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыздоо, ошондой эле билим алуучуларды сурамжылоо жолу менен аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөө;
- өз ишмердүүлүгүн (стратегия) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерий боюнча үзгүлтүксүз өзүн-өзү текшерүүнү жүргүзүү;
- өз ишмердүүлүгү, пландары, инновациянын жыйынтыктары тууралуу коомчулукту маалымдоо.

**4.1.2.** Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аралык жана жыйынтыктоочу аттестацияны ишине камтышы шарт. Баалоо каражатынын базасы жогорку окуу жайы тарабынан иштелип чыгып, бекитилет.

Квалификациялык иштин мазмунуна, көлөмүнө жана структурсына жараша студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоого карата талаптар ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү Жобосун эсепке алуу менен жогорку окуу жайы тарабынан аныкталат.

**4.1.3.** НББПны иштеп чыгууда бүтүрүүчүнүн социалдык-инсандык компетенциясын (мисалы, социалдык өз ара карым-катнаш, өзүн-өзү уюштуруу жана өзүн-өзү башкаруу, системдик-ишмердик мүнөздү) калыптандыруу жогорку окуу жайынын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аныкталышы керек. Жогорку окуу жайы инсанды ар тараптан өнүктүрүү үчүн зарыл болгон социалдык-маданий чөйрөнү калыптандырууга, зарыл болгон шарттарды түзүүгө милдеттүү.

Жогорку окуу жайы студенттик өзүн-өзү башкарууну, коомдук уюмдардын ишине студенттерди катыштырууну, спорттук, чыгармачыл клубдарды, илимий студенттик жамаатты өнүктүрүүнү ичине алган, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүнү шарттоого милдеттүү

**4.1.4.** ЖОЖдун НББПсы студенттин тандоосу боюнча дисциплинаны камтышы шарт. Студенттин тандоосу боюнча дисциплинаны түзүү тартибин жогорку окуу жайдын Окумуштуулар кеңеши бекитет.

**4.1.5.** Жогорку окуу жайы өзүнүн окутуу программасын түзүүгө студенттердин катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

**4.1.6.** ЖОЖ НББПны түзүүдө студенттерге алардын укук жана милдеттерин тааныштырууга, студент тандаган дисциплина алар үчүн милдеттүү болорун, ал эми эмгек көлөмүнүн суммасы окуу планында каралгандан кем болбошу керек экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

**4.2. НББПны ишке ашырууда студенттин укук жана милдеттерине карата жалпы талаптар**

**4.2.1.** Студенттер НББПда каралган, студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплинасын өздөштүрүүгө каралган окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде, конкреттүү дисциплинаны тандоо укугуна ээ.

**4.2.2.** Студент өзүнүн жеке индивидуалдык билим алуу траекториясын калыптандырууда дисцилинаны тандоо жана анын келечектеги профилге (адистикке) даярданууга тийгизген таасири боюнча жогорку окуу жайынан кеңеш алууга укуктуу.

**4.2.3.** НББПны өздөштүрүүдө ийгиликтүү жыйынтыкка жетүү максатында, СИКти өнүктүүнүн бөлүгү катары студенттер студенттик өзүн-өзү башкарууну өнүктүрүүгө, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, коомдук уюмдардын, студенттик илимий жамааттын ишине катышууга милдеттүү.

**4.2.4.** Студенттер жогорку окуу жайдын НББПда каралган бардык тапшырмаларды бекитилген мөөнөтүнөн кечиктирбей аткарууга милдеттүү.

**4.3. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү** анын бардык аудиториялык жана аудиториядан сырткаркы (өз алдынча иштери) окуу иштерин кошкондо, жумасына 45 саат (академиялык) өлчөмүндө бекитилет

Күндүзгү окуу формасында аудиториялык сабактын көлөмү ЖКББнын жана даярдоо багытынын спецификасынын деңгээлин эске алуу менен МББСы аныктайт жана ар бир окуу дисциплинасын үйрөтүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35% кем эмес бөлүгүн түзөт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштерге бөлүнгөн сааттарда аталган окуу дисциплинасы боюнча экзаменге карата даярдыкка каралган убакыт (модуль) кошулат.

Дене тарбия, искусство жана башка чыгармачыл кесип багытындагы НББПны ишке ашырууда, дисциплинанын окуу планы боюнча аудториялык сабактардын көлөмү, НББПнын окуу дисцилинасын үйрөтүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 60% түзүшү мүмкүн.

**4.4. Күндүзгү-сырттан окуу (кечки) окуу формасында** аудиториялык сабактардын көлөмү, жумасына 16 сааттан (академиялык) кем эмес болушу шарт.

**4.5. Окутуунун сырттан окуу формасында** студенттин окутуучу менен сабак өтүү мүмкүнчүлүгү жылына 160 сааттан (академиялык) кем эмес камсыздалышы керек.

**4.6.** Окуу жылындагы эс алуу мезгилинин жалпы көлөмү, анын ичинде кышкы мезгилдеги 2 жумалык эс алууну кошкондо, 7 жумадан кем эмес болушу абзел.

## 5. Бакалаврларды даярдоо боюнча НББПга карата коюлган талаптар

**5.1. Бакалаврларды даярдоодо НББПны өздөштүрүүнүн жыйынтыгына карата талаптар**

Мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын Жогорку кесиптик билим берүүсүнүн 3.4. жана 3.8. пунктунда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине жана НББПнын максатына шайкеш “бакалавр” квалификациясы ыйгарылган, 580700 – Бизнести башкаруу багыты боюнча даярдалган бүтүрүүчү төмөнкүдөй компетенцияларга ээ болушу керек:

***а) универсалдык компетенция:***

**жалпы илимий компетенция (ЖК):**

**1 - ЖК.** Курчап турган дүйнө тууралуу илимий билимдерди критикалык баалоого жана пайдаланууга, жашоонун, маданияттын баалуулуктарына багыт алууга активдүү жарандык позициясында турууга, адамдарга сый мамиле көрсөтүүгө жана толеранттуулукка жөндөмдүү;

**инструменталдык компетенция (ИК):**

**1 – ИК.** Жумуш жана окуу тармагында мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде иштиктүү пикир алышууга жөндөмдүү;

**2-ИК.** Жумуш жана окуу жаатындагы татаал көйгөйлөрдү чечүү үчүн маалымат технологияларын пайдалануу менен жаңы билимдерге ээ болууга жана пайдаланууга жөндөмдүү;

**3-ИК.** Кесиптик ишмердүүлүгүндө ишкердик билимди жана көндүмдү колдонууга жөндөмдүү

**социалдык-иинсандык жана жалпы маданий (СИК):**

**1-СИК.** Кээ бир тараптардын же топтордун кесиптик ишмердүүлүгүндө максаттарга жетүүнү камсыздоого жөндөмдүү.

**б) кесиптик (КК):**

***Уюштуруу – башкаруучулук ишмердүүлүк:***

**1-КК.** Алардын өкүлдөрүн жиберүүнүн негизинде укукту жана жоопкерчиликти бөлүштүрүүнү ишке ашырууга, уюштуруунун структурасын долбоорлоого жөндөмдүү;

**2-КК.** Өзүнүн бизнесин көзөмөлдөөнүн процедураларын жана ыкмаларын иштеп чыгууга даяр;

**3-КК.** Конфликтик кырдаалдарды көрө билет, татаал маселелерде жана кырдаалдарда өзгөчө, жыйнактуу жана социалдык мааниге ээ чечимдерди сунуштоого жөндөмдүү;

**4-КК.** Персоналды башкарууда заманбап технологиялар менен иштей алат;

**5-КК.** Менеджменттин стратегиялык инструментарийин жана корпоративдик башкарууну колдонуу менен уюмдун стратегиясын иштеп чыгууга катышууга даяр;

***Маалыматтык – аналитикалык ишмердүүлүк:***

**6-КК.** Башкаруу чечимдерин кабыл алууда анализдөөнүн сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонууну жана экономкалык, каржылык, уюштуруу-башкаруучулук моделин курууну билет;

**7-КК.** Глобалдык экономиканын, эл аралык атаандаштыктын, ошондой эле белгисиздик жана тобокелдиктин шартында иштөөнү билет;

**8-КК.** Уюмдун операциялык ишмердүүлүгүндө анализ жүргүзүүгө жана анын жыйынтыктарын башкаруу чечимдерин даярдоо үчүн колдонууга жөндөмдүү;

**9-КК.** Бизнести башкаруу багытындагы алдыңкы ата мекендик жана эл аралык тажрыйбаны, илимий-техникалык маалыматтарды чогултуп, иргеп, анализдеп, жалпылоону билет;

**10-КК.** Мамлекеттик жөнгө салуу органдары менен чечим кабыл алуунун негизги мотивдерин жана механизмдерин билет;

**11-КК.** Бизнес субъекттердин каржылык абалын анализдөөгө жана негизделген инвестициялык, насыялык жана каржылык чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү;

**12-КК.** Аткаруучу катары кэ бир бөлүмдөр (этап, тапшырма) боюнча илимий изилдөө жүргүзүүгө жөндөмдүү;

***Административдик – иштиктүү ишмердүүлүк:***

**13-КК.** Кагаз иштерин жүргүзүүнү билет жана документтерди иретке келтирип иштөөгө жөндөмдүү;

**14-КК.** Мекеменин ишмердүүлүгүн жана адамдарды жетектеп иштөөнү билет;

**15-КК.** Болуп жаткан көйгөйлөрдү таап чыгат жана аларды чечүүнүн рационалдуу чечимдерин билет;

***Ишкердиик ишмердүүлүгү:***

**16-КК.** Ички жана тышкы рынокто ишкердик ишмердүүлугүн пландоого, уюштурууга жана ишкердик ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө экномикалык, социалдык шарттарды баалоого жөндөмдүү;
**17-КК.** Жаңы рыноктук мүмкүнчулуктөрдү табууну, баалоону жана бизнес-идеяларды түзүүнү билет;
**18-КК.** Жаңы уюмду (ишмердүүлүк, продуктулар багыттары) түзүү жана өнүктүрүүнүн бизнес-планын иштеп чыгууну билет;
**19-КК.** Бизнес-моделди негиздөөгө жана иштеп чыгууга жөндөмдүү;
**20-КК.** Бизнестин экономикалык натыйжалуулугун уюштуруунун жана аныктоонун кэономикалык негизин жүргүзүүну билет;

***Өндүрүштүк-технологиялык ишмердүүлүк:***

**21-КК.** Сапатты башкарууну жана атаандаштыкка туруктуулукту камсыздоонун заманбап системасын билет;
**22-КК.** Операциялык ишмердүүлүктү уюштуруу, пландоо жана көзөмөлдөөнүн заманбап концепциясын билет жана аларды колдонууга даяр;
**23-КК.** Жаңычылдык, инновация, жаңылыкты тез кабылдап жана аларды ишке киргизүү боюнча иш-чараларга катышууга даяр;
**24-КК.** Өндүрүштүк экономикалык ресурстарды баалоону ишке ашырууга жөндөмдүү;

Профиль 5 аталыштан кем эмес сандагы атайын кошумча кесиптик компетенцияда жана жогорку окуу жай тарабынан өз алдынча аныкталат. Профилдердин тизмеси ОМБ тарабынан бекитилет.

Кошумча компетенциянын тизмеси квалификациянын улуттук, квалификациянын тармактык/сектoралдык жана кесиптик стандарттардын (бар болсо) алкагында аныкталат.

**5.2. Бакалаврларды даярдоодо НББПнын структурасына карата талаптар**

Бакалаврларды даярдоодо НББПнын структурасы төмөнкү блокторду ичине камтыйт:

1-блок – Дисциплиналар (модулдар);
2-блок – Практика;
3-блок – Мамлекеттиик жыйынтыктоочу аттестация.

**580700 – Бизнести башкаруу багыты боюнча бакалаврларды даярдоодо НББПнын структурасы**

| **Бакалаврларды даярдоодо НББПнын структурасы** | | **Бакалаврларды даярдоодо НББПнын көлөмү жана алардын блоктору кредиттерде** |
|---|---|---|
| **1-блок** | **I. Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл**<br>**II. Математикалык жана табигый илимий цикл**<br>**III. Кесиптик цикл** | **165-215** |
| **2-блок** | **Практика** | **15-25** |
| **3-блок** | **Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация** | **10-15** |
| **Бакалаврларды даярдоодо НББПнын көлөмү** | | **240** |

Эскертүү.

- ар бир дисциплинанын эмгек көлөмүн жогорку окуу жайы ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын жана цикл үчүн бекитилген көлөмдө тилди окутууну эсепке алуу менен аныктайт

Жогорку окуу жайы бакалаврларды даярдоодо НББПны мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкеш иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкагына шайкеш окутуунун жыйынтыктарына жетишүүгө жоопкерчилик алат.

Бакалаврларды даярдоодо НББПнын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиналар топтомун (модулдар) жана алардын эмгек көлөмүн, улуттук квалицификация алкагында каралган окутуунун натыйжасынын жыйындысы түрүндө, анын өздөштүрүлүшүнүн жыйынтыктарына коюлган талаптарды эске алуу менен, жогорку окуу жай блок үчүн өз алдынча бекитилген көлөмдө аныктайт.

**5.2.1.** Бакалаврларды даярдоодо НББП төмөнкүлөрдү ишке ашырууну камсыздашы шарт:

- Тизмесин жана эмгек көлөмүн Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим тармагындагы мамлекеттик өкүлчүлүк органдары аныктоочу, гуманитардык, социалдык жана экономикалык милдеттүү дисциплиналар циклы. Көрсөтүлгөн дисциплинаны ишке ашыруунун мазмунун жана тартибин бакалаврларды даярдоо багытына шайкеш келген ЖКББнын мамлекеттик билим берүү стандарты бекитет;
- өздөштүрүү үчүн милдеттүү болуп эсептелген, 360 сааттан кем эмес көлөмдөгү дене тарбия жана спорт боюнча дисциплина, кредитке которулбайт жана бакалаврды даярдоонун НББПнын көлөмүнө кирбейт.

**5.2.2.** “Практика” 2-блогу окуу (тааныштыруучу, технологиялык, илимий-изилдөөчүлүк) жана өндүрүш (долбоорлук, экспуатациялык, педагогикалык, илимий-изилдөөчүлүк) практикасын ичине алат.

Жогорку окуу жайы бир же бир канча практиканын тибин тандоого укуктуу, ошондой эле бекитилген кредиттин чегинде кошумча практиканын тибин беките алат.

**5.2.3.** “Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация” 3-блогу мамлекеттик экзамендерди берүүгө даярдануу, бүтүрүүчү квалификациялык иштерди (эгер жогорку окуу жайы бүтүрүүчу квалификациялык ишти мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын курамына кошкон болсо) аткаруу жана коргоону ичине алат.

**5.2.4.** Бакалаврларды даярдоодо НББПнын алкагында милдеттүү жана элективдик бөлүккө бөлүнөт.

Бакалаврларды даярдоодо НББПнын милдеттүү бөлүгүнө улуттук квалификациянын алкактык деңгээлин эске алуу менен универсалдык жана кесиптик компетенцияны камсыздоочу дисциплина жана практика кирет.

Милдеттүү бөлүктүн көлөмүнө, мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эсепке албаганда, бакалаврларды даярдоодо НББПнын жалпы көлөмүнөн 50% көп эмес болушу керек.

Бакалаврларды даярдоодо НББПнын элективдик бөлүгүндө студенттер шайкеш келген багыт боюнча дисциплинаны тандай алат, ошондой эле башка багыттагы бакалаврларды даярдоодогу НББПнын ичинен дисциплина тандоого жол берилет.

**5.2.5.** Жогорку окуу жайы ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген тарапка (алардын арызынын негизинде), зарылчылык болсо, НББПдан башка, саламаттык абалы боюнча окуу каршы келери каралган, белгиленген тараптын өнүгүүсүнүн бузулушун коррекциялоону жана соцалдык ыңгайлашуусун камсыздоочу, алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүн, индивидуалдык мүмкүнчүлүгүн эске алуучу, бакалаврларды даярдоодо НББП боюнча окуу мүмкүнчүлугүн түзүп бериши керек.

### 5.3. Бакалаврларды даярдоодо НББПны ишке ашыруунун шарттарына карата талаптар

#### 5.3.1 Окуу процессин кадрлык камсыздоо

Бакалаврларды даярдоодо НББПны ишке ашыруу окутулуучу дисциплинанын профилине шайкеш келген базалык билими жана (же) “магистрдик” квалификациясы бар,

сиистемалуу түрдө иилимий же илимиий-методикалык ишмердүүлүк менен алектенген, педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы шарт.

Кесиптик циклдин окутуучулары  кандидаттык, докторлук илимий даражага, философиялык академиялык доктор даражасына (PhD) жана/же  шайкеш келген  кесиптик тармакта иш тажрыйбасына ээ болушу зарыл.

Билим берүү программасынын ар бир цикли боюнча  окутуучулардын жалпы санынан, илимий даражасы жана/же илимий наамы бар октуучулардын үлүшү, 40% кем болбошу шарт. Штаттык окутуучулардын үлүшү,  билим берүүчу программаларынын окутуучуларынын жалпы санынан, 60% кем болбошу керек.

Кандидат же доктор илимий даражасы бар, филиософиялык академиялык доктор даражасына (PhD) ээ, окутуучулар окуган лекция, дисциплинанын үлүшү, дисциплинанын жалпы көлөмүнөн 40% кем эмес болушу шарт.

**5.3.2. Окуу процессин окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышы**

Бакалаврларды даярдоодо НББПны ишке ашыруу ар бир студенттин дисциплинанын толук тизмеси боюнча түзүлгөн негизги билим берүү программасына, базалык маалыматка жана китепкана фондуна жеткиликтүүлүгүн  камсыздашы керек.  Жогорку окуу жайдын билим берүү программасы лабораториялык жана практикалык сабактарды (компетенцияны калыптандырууну эсепкке алуу менен аныкталат) ичине алат.

Негизги билим берүү программасы  НББПнын бардык окуу курстары, дисциплиналары (модулдар) боюнча окуу-усулдук документтер жана материалдар менен камсыздалышы шарт.

Окуу куралы катары  лекциянын, электрондук окуу куралынын тираждалган экземплярлары колдонулушу мүмкүн.

Аралыктан билим берүү технологияларын колдонууда электрондук окуу куралы жана окуу-усулдук материалдар менен камсыздалышы 100% түзүшү керек.

**5.3.3. Окуу процессин материалдык-техникалык камсыздоо**

Бакалаврларды даярдоодо негизги билим берүү программасын ишке ашырган жогорку окуу жайы,  жогорку окуу жайдын планында каралган жана санитардык, өрткө каршы эреже жана ченемдерге шайкеш келген, билим алуучулардын дисциплиналык жана дисциплина аралык даярдыктарын, лабораториялык, практикалык жана илимиий-изилдөөчү иштеринин бардык түрүн жүргүзүүнү камсыздаган материалдык-техникалык базага ээлик кылышы зарыл.

Бакалаврдык программаны ишке ашыруу үчүн  миинималдык зарыл болгон материалдык-техникалык камсыздоонун тизмеси атайын жабдылган кабинет жана аудиториялардан: окутуунун мультимедиялык каражаттары менен жабдылган компьютердик класс, лингофондук кабинет, аудитория ж.б. турат Бул жайларда  окуу маалыматын чоң аудиторияга  көрсөтүү үчүн  кызмат кылуучу, атайын комплектацияланган эмерек жана техникалык каражаттар  болушу абзел.

Билим алуучулардын өз алдынча иштерди аткарышы үчүн каралган жайлар Интернет желесине туташкан, техникалык компьютерлер менен жабдылышы зарыл.

Милдеттүү түрдө бир жыйындар залы, бир спорттук зал, бир ашкана жана бир медициналык пункттун болушу шарт. 1 студентке пайдалуу  аянттын чеги СанПин талаптарына шайкеш бекитилет.

Электрондук басылмаларды пайдаланууда жогорку окуу жайы  өз алдынча даярдык көрүү учурунда ар бир студентке  окутулуп жаткан дисциплинанын көлөмүнө шайкеш Интернет кошулган компьютердик класстар менен иш орундарын камсыздашы керек.

Жогорку окуу жайы  лицензияланган программалык камсыздоонун зарыл болгон комплекти менен камсыздалышы зарыл.

**5.3.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо**

Жогорку окуу жайы төмөнкү:  жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн  тартуу менен бүтүрүүчүлөрдү сапаттуу камсыздоо боюнча  стратегияны иштеп чыгуу;  мониторинг, билим берүү программаларын мезгилдүү рецензиялоо;  билим алуучулардын  билим жана

билгичтик деңгээлин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясын объективдүү баалоонун процедурасын иштеп чыгуу; окутуучулук курамдын компетенциясын камсыздоо; жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартуу аркылуу башка билим берүү мекемелери менен ишмердүүлүгүн (стратегияны) баалоо жана салыштыруу үчүн макулдашылган критерий боюнча өзүн изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүү; өз ишмердүүлүгүнүн, пландарынын, инновациялардын жыйынтыгы жөнүндө коомчулукка маалымдоо жолдору менен даярдоонун сапатына кепилдик берүүнү камсыздоого милдеттүү.

**5.3.4.1** Негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапаттын баалоо билим алуучулардын жетишүүсүн көзөмөлдөө, аралык аттестация жана бүтүрүүчүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын ичине алышы шарт. Билимди жүрүп жаткан жана аралык текшерүүнүн конкреттүү формасы жана процедурасы, ар кайсы дисциплина боюнча жогорку окуу жай тарабынан өз алдынча иштелип чыгып, окутуунун биринчи айында билим алуучуларга маалымдалууга тийиш.

**5.3.4.2** Билим алуучуларды НББПнын талаптарына шайкеш (жетишүүсүнө жүрүп жаткан көзөмөл жана аралык аттестация) алардын этаптык персоналдык ийгиликтерине ылайык аттестациялоодон өткөрүү үчүн билимин, билгичтигин жана алган компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берген, типтүү тапшырма, текшерүү иштери, тесттер жана текшерүүнүн ыкмаларын ичине алган баалоо каражаттарынын фонду түзүлөт. Баалоо каражаттарынын фонддору жогорку окуу жай тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жогорку окуу жайда алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн шарттарына карата, билим алуучунун жетишүүсүн көзөмөлдөө жана аралык аттестация программаларына максималдуу жакындашуу үчүн шарттар түзүлүшү керек – ал үчүн конкреттүү дисциплинанын окутуучуларынан сырткары серепчи катары жумуш берүүчүлөр, жакын дисциплинаны окуган окутуучулар ж.б. активдүү тартылышы зарыл.

**5.3.4.3** Билим алуучуларга окуу процессинин мазмунун, уюштурулушун жана сапатын, ошондой эле, кээ бир окутуучулардын иштерин баалоо мүмкүндүгү берилиши керек.

**5.3.4.4.** Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация 8-семестрдеги мамлекеттик экзамендерди берүү, бүтүрүүчү квалификациялык иштерди аткаруу жана коргоону (эгер жож квалификациялык ишти мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга кошкон болсо) өз ичине алат.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмуну, көлөмү жана структурасына (бакалаврдык иш), ошондой эле мамлекеттик комплекстүү экзаменге карата талаптар (эгер болсо) жогорку окуу жай тарабынан аныкталат.

**580700 –"Бизнести башкаруу"** багыты боюнча аталган мамлекеттик билим берүү стандарты базалык жогорку окуу жай – М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин алдындагы экономика жана башкаруу тармагындагы билим берүү боюнча Окуу-усулдук бирикме тарабынан иштелип чыккан.

**КР Билим берүү жана илим министрлигинин ОУБнын төрайымы**
**э.и.к., доцент Турсуналиева Д.М. ______________**

**Түзүүчүлөр:**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Расулова Назгуль Керимбаевна секциянын төрайымы | Сапат жана аккредитация бөлүмүнүн башчысы | э.и.к., доцент | М.Рыскулбеков атындагы КЭУ | ____________ |
| | | **Секциянын мүчөлөрү** | | | |
| 2 | Элебаев Нурбек Беккулович | Персоналдарды башкаруу боюнча директор | К.э.н. | «Неман-Фарм» ЖЧКсы | ___________ |
| 3 | Рахманалиева Айжан Алмазовна | Менеджмент кафедрасынын доценти | э.и.к., доцент | Б.Ельцин атындагы КОСУ | ____________ |
| 4 | Рысалиева Гульзат Омурзаковна | Экономикалык программалар жана башкаруу кафедрасынын башчысы | э.и.д, доцент | К.Карасаев атындагы БГУ | ____________ |
| 5 | Алимова Эльмира Ташмаматовна | ММБ, менеджмент жана экономика» кафедрасынын доценти | э.и.к | КРПМБА | ____________ |
| 6 | Дооранов Алмаз Пазылбекович | МВА программалары боюнча жетекчи | э.и.к., доцент | Ж.Баласагын атындагы КУУ | ____________ |
| 7 | Тулеев Расул Джумабекович | Башкы директор | МРА (мамлекеттик башкаруу магистри) | «Кулпун-Ай Эко» ЖЧКсы | ___________ |
| | | **Секциянын катчысы** | | | |
| 8 | Токтомбаева А. | Экономика, менеджмент жана маркетинг кафедрасынын окутуучусу | Аспирант | М.Рыскулбеков атындагы КЭУ | ____________ |